КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ
ОБЛАСТЬ МЭРИЯ
ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

4-апрель 2024-ж/г. №55-т — Жалал-Абад шаары

**_Жалал-Абад шаарынын аймагында ичүүчү сууга жана саркынды сууга болгон тарифтер жөнүндө_**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүнө жана 44-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик - аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” №52 токтомунун 2-бөлүгүнө ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыгынын, муниципалдык аймактык башкарууларынын элдик жыйындарынын №1, №7, №8, №1, №2 протоколдорунун негизинде **токтом кылам:**

1.Жалал-Абад шаарында ичүүчү сууга жана саркынды сууга (канализация) болгон тарифтер 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.“Жалал-Абадсууканал” башкармалыгынын башчысы З. Тыныбек уулуна токтомду аткаруу жана башкармалыктын ченемдик укуктук актыларын ушул токтомго ылайык келтирүү жагы жүктөлсүн.

3.Жалал-Абад шаарында ичүүчү сууга жана саркынды сууга (канализация) болгон тарифтер боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу шаар тургундарына жеткирүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы муниципалдык аймактык башкаруусунун, муниципалдык аймактык башкармалыктардын башчыларына жана Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Маалымат борборунун жетекчиси К.Көчкөнбай уулуна жүктөлсүн.

4.Жалал-Абад шаардык мэриясынын 2024-жылдын 11-мартындагы №42-т сандуу токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мэрдин орун басары Ж.А.Раимжановдун жеке жоопкерчилигине жүктөлсүн.

**Мэр** — **Э.А.Ормоков**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Чыг. № 55-т, 04.04.2024

Кол койгон: Ормоков Э.А., 04.04.2024